# Гендердик сезимтал журналистика

**Кыргызстанда адилеттүү жана  инклюзивдүү коомдун өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү**

**Содействие развитию справедливого и инклюзивного общества в Кыргызстане**

**To promote fair and inclusive society in Kyrgyzstan**

Проект финансируется
Европейским Союзом

# Гендердик сезимтал журналистика деген эмне?

*Гендердик сезимтал журналистика – бул медиа контентти гендердик мааниге ээ болгон жана зыяндуу стереотиптерди күчөтпөстөн, аялдар менен эркектерди адилеттүү чагылдырган ыкма менен түзүү практикасы.*

# Гендердик сезимтал журналистика деген эмне?

- Сюжеттерде аялдар менен эркектердин бирдей чагылдырылышы гендердик сезимтал журналистиканын негизги критерийи болуп саналат.
- Гендердик сезимтал журналистика дүйнөнүн жана анын мүмкүнчүлүктөрүнүн бурмаланган картинасын чагылдырган аялдар менен эркектердин имиджин азайткан жана жөнөкөйлөткөн стереотиптерди айыптайт.

# Гендердик сезимтал журналистика деген эмне?

- Гендердик сезимтал журналистика боюнча талкуулар көбүнчө аялдарга басым жасалат, бул медиа басылмалардын эркектерге көбүрөөк басым жасалышы менен шартталган. Гендердик стереотиптер гендердик теңсиздиктин, адилетсиздиктин жана аялдарга карата зомбулуктун сакталышына өбөлгө түзөт.

- Бирок гендердик маселелер аялдардын да, эркектердин да кызыкчылыктарын камтыйт жана гендердик маселелерди талкуулоодо эки тараптын тең көз карашы эске алынышы керек.

# Эмне үчүн аялдар жана алардын укуктары жөнүндө жазуу маанилүү?

Адамзаттын жарымын аялдар түзгөнүнө карабастан, алардын дагы эле дүйнө жүзү боюнча өз укуктары чектелүү жана биз гендердик теңчиликке жетишүүдөн али өтө алыспыз – кээ бир эсептөөлөр боюнча, буга жетүү 80 жылдан 100 жылга чейин созулушу мүмкүн.

# Эмне үчүн аялдар жана алардын укуктары жөнүндө жазуу маанилүү?

- Кыргызстанда аялдардын укуктарынын бузулушу тууралуу жазганыбыз дурус, анткени бул көйгөйдү коом дагы деле кабылдай элек.
- Массалык маалымат каражаттары бул маселелерди чечүүчү адамдардын көңүлүн буруп, бир нерсе кыла баштаашы үчүн көтөрүп жатышат.

# Эмне үчүн аялдар жана алардын укуктары жөнүндө жазуу маанилүү?

Эгер сиз дагы эле маселе чечилген деп ойлосоңуз, анда мен сизге таң калтырган фактыларды берейин:

- Кыргызстанда аялдарды өлтүрүү кылмышынын онунун сегизин эркектер жасайт.
- Үй-бүлөлүк зомбулукка күнөөлүлөрдүн 96% эркектер. Негизи булар аялын сабаган күйөөлөр.
- Эркек 100 сом тапкан учурда, аял 70 сомго жакын киреше табат.
- Кыргызстанда иштеген аялдар эркектерге караганда үй жумуштарына үч эсе көп убакыт коротушат.


# ЖМКда аялдар кандай чагылдырылат?

- Глобалдык медиа мониторинг долбоору (GMMP) жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу коомдук талкууларда аялдардын үнүн колдонууда өтө жай прогрессти көрсөтөт.
- Жаңылыктар дүйнөгө бир гана эркектерге багытталган көз караш эмес, ал гендердик көз карашты жана кыздар менен аялдарга карата маргиналдуулукту, дискриминацияны жана зомбулукту негиздеген терең стереотиптерди камтыйт.

# ЖМКда аялдар кандай чагылдырылат?

Кабарларда аялдардын көрсөтүлүшү

Аялдар пайыз менен




Жаңылык веб-сайттарында

Газеталарда


Телевидениеде

Радиодо

# ЖМКда аялдар кандай чагылдырылат?

Саясий жаңылыктарда аялдардын өкүлчүлүгү 20%дан ашпайт

Аялдар пайыз менен



# ЖМКларда аялдардын кандай образдары көрсөтүлөт?

- Мониторингге ылайык, 2015-жылга карата жалпыга маалымдоо каражаттарында көрсөтүлгөн аялдардын 20% гана иштеген адам катары көрсөтүлгөн.
- Ошол эле учурда жалпыга маалымдоо каражаттары 60%дан ашуун учурда аялдарды жумушсуз жана үй кожойкеси катары көргөзүшөт.



# ЖМКларда аялдардын кандай образдары көрсөтүлөт?

- Эркектерге функциялардын бардык түрлөрү мүнөздүү: жеке тажрыйбага таянып ой-пикирин айткан эркектер, күбө болгон эркектер жана саясатчылар эркектер.
- Ошол эле учурда журналисттер аялдарды окшош функцияда көрсөткөндө, алар үчүн ар дайым кандайдыр бир кошумча роль пайда болот. Мисалы, эгер аял өзүнүн башынан өткөн окуялары жөнүндө айтып жатса, анда ал үй кожойкеси же эне катары көрсөтүлөт.





ХОЧЕШЬ?
Интернет
с БОЛЬШИМИ СКИДКАМИ
Успей подключиться!
90 ДНЕЙ
Безлимита
Подробности по тел.:
0(312) 909 000
www.saima4g.kg


Увеличь
быстро и без операций
память своего iPhone/iPad
до 256Gb
32Gb
64Gb
128Gb
256Gb


У НАС
МАЛЕНЬКИЕ
ЦЕНЫ
и МНОГО
КОМПЛЕКСОВ
ЦЕНЫ НИЖЕ!
2,09 МЛН РУБ
КВАРТИРЫ от
1,69 МЛН РУБ
АКВИЛОН ИНВЕСТ



КУПИЛ «НЕМКУ»?
ЗАСТРАХУЙ ЕЁ
БЫСТРО И БЕЗ ПРЕЛЮДИЙ
КАСКО
от 62 775 руб.
MERCEDES C-KLASSE
АЛЬФА СТРАХОВАНИЕ
На всякий страховой случай
[redacted]
КУПИЛ «ЯПОНКУ»?
ЗАСТРАХУЙ ЕЁ
БЕЗ ЦЕРЕМОНИЙ
КАСКО
от 57 484 р
TOYOTA RAV
АЛЬФА СТРАХОВАНИЕ
На всякий страховой слу
[redacted]
КУПИЛ «КОРЕЯНКУ»?
ЗАСТРАХУЙ ЕЁ
ПО-ПОЛНОЙ
КАСКО
от 33 132 руб.
HYUNDAI SANTA FE
АЛЬФА СТРАХОВАНИЕ
На всякий страховой случай
[redacted]
КУПИЛ «АНГЛИЧАНКУ»?
ЗАСТРАХУЙ ЕЁ
ПО-ДЖЕНТЕЛЬМЕНСКИ
КАСКО
от 43 155 р
АЛЬФА СТРАХОВАНИЕ
На всякий страховой слу
[redacted]


probok.net
Не пропустил девушку?
Ты мужик :) Теперь она испортит вечер своему парню.



ПЕРЕДАЙ ЭТОТ ОБРАЗ-СВОИМ СОСЕДЯМ, БЛИЗКИМ, ДРУЗЬЯМ И ТЫ СОХРАНИШЬ НЕ ОДНУ ЖИЗНЬ!
КУРЯЩАЯ ДЕВУШКА-ВОНЮЧКА!


Ц
Взяла в кредит,
а не то, что ты подумал
iPhone в Цитрусе
всего от 399 грн/мес




https://kloop.kg/blog/2018/10/19/pochemu-nuzhno-protivostoyat-obektivatsii-zhenshhin-v-reklame/


azamat_ismailov_ch • Подписаться
azamat_ismailov_cheber Бай манап кызын ала качып келдинби?
Ушундай видеолор жактыбы?
Козу грилдин этин жеп олтуруп коп маселени чечсе болот экен 😂👍
0770 93 77 77
Ушул номерге чалып заказ берсениздер болот 👍
@ulan_omuralieff
#кыргызстан #бишкек #чуй #нарын #ыссыккол #ош #баткен #жалалабат #талас #юмор #тамаша #вайн #телефонврассрочку #азаматисмаилов #маанай #настроение #сонун #шума #азамат #шутки #вайн #кино #кыргызкино #комедия #перекупщик #гив


Ну конечно, ты же старшая жена!



АГЕНТ 024

14:35, 19 сентября 2019, Бишкек - 24.kg, Мария ОРЛ...

# Это ведь чьи-то мамы. Женщины сидели в парке и сорили, щелкая семечки


В Бишкеке в парке имени Фучика посетитель снял женщин, щелкающих семечки и бросающих шелуху прямо на землю. Видео распространяется в социальной сети Facebook.

«А ну-ка, эжешки, улыбнемся, покажем всем, что вы тут делаете, как пример подаете», – говорит голос за кадром.



Автор: Искен А...
Просмотры: 1 389

## Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө (2021-ж.) социалдык тармактарда талапкерлер, ошондой эле парламентаризм идеяларына берилгендигин жарыялаган башка саясатчылар жана коомдук ишмерлер тууралуу терс маалыматтар жигердүү таратылды. Алардын арасында жалгыз аял талапкер бар


















# Эркек талапкерлердин шайлоо өнөктүгүндө аялдар менен эркектердин визуалдык образдары











# Эркек талапкерлердин шайлоо өнөктүгүндө аялдар менен эркектердин визуалдык образдары













# Аялдарга карата зомбулук боюнча гендердик сезимтал материалдарды даярдоо эрежелери

# Эмне үчүн журналисттер аялдарга карата зордук-зомбулук тууралуу көп материал жазат?

Кээ бир ЖМКлар ызы-чуу салып, жаңылык окуганы киргендердин санын көбөйтүүнү көздөшөбү? Же балким маселе такыр эле маалымат каражаттарында эмес, аялдарды зордук-зомбулуктан коргоо боюнча мамлекеттик механизмдер иштебей жатканындабы?

Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук боюнча кырдаал өзгөрмөйүнчө, бийликтин өкүлү катары милиция “казан-аяк кагышат”, “эрди-катын урушат, эси жок киши болушат” ж.б. айтып, зордук-зомбулукка көз жумган учурда журналисттер бул тууралуу жаза беришет.

# Жалпы текшерүү тизмеси

**Эң негизги принцип - зыян келтирбе!!!**
Жабырлануучу кандай сүрөттөлөт?
Агрессордун/зордукчунун/өлтүрүүчүнүн аракеттери кандай сүрөттөлөт?
Бийликтин үнү канчалык күчтүү?
Макалада зордук-зомбулуктун системалуу мүнөзү тууралуу маалымат барбы же жалгыз окуя катары сүрөттөлөбү?
Макалада ушундай көйгөйү бар аялга жардам бере турган борборлордун байланыштары барбы?

# Жалпы текшерүү тизмеси

- Материал чагылдырбоого мүмкүн эмес, үрөй учурарлык майда-чүйдөсүнө чейин камтылган болсо, анда бул жөнүндө окурманды эскерте турган баш тартууну (дисклейм) коюу керек. Бул сүрөттөөлөр адамды өзүнүн, балким, окшош, азаптуу эскерүүлөрүнө кайтарып, травмалуу болушу мүмкүн. Ал адам мындай триггерленген мазмунду көргүсү келеби же көргүсү келбейби деген тандоодосу болушу керек.

- Дисклейм мисалдары: *Материал психологиялык травмалардын кайталануусуна себеп боло турган кырдаалдардын сүрөттөлүшү, сүрөттөр сыяктуу триггерлерди камтышы мүмкүн.*
- *Көңүл буруңуз. Макалада аялдардын өлтүрүлүшүнүн сүрөттөлүшүнүн чоо-жайы камтылган.*

# Виктимблейминг деген эмне?

Виктимблейминг- бул кылмыштын, кырсыктын же зомбулуктун ар кандай түрүнүн жабырлануучусу өзүнө каршы жасалган кылмыш үчүн толук же жарым-жартылай жоопкерчиликке тартылуучу, күнөөлү эсептелүүчү көрүнүш. Виктимблейминг жабырлануучунун же анын жакындарынын кайра травмага алып келет.

# Бул баш сөздүн эмнеси туура эмес?

На Иссык-Куле мужчина проник в дом и изнасиловал пенсионерку. Она его простила

Ысык-Көлдө эркек киши пенсионердин үйүнө кирип зордуктады. Пенсионер аны кечирди.

# Бул баш сөздүн эмнеси туура эмес?

Бул баш сөз эркектин кылмышынан аялдын кылганына көңүлдү бурдурду. Ошол эле маалда журналисттер соттун чечиминде «дооматтарынан баш тартты» деп жазылганына карабастан аял кишини кылмышкерди кечиргенин жазышкан.

Комментарийлерде макаланын алкагында социалдык тармактарда колдонуучулар тыянак чыгара башташты:

**"Чоң эненин жолу болуптур" Тергөө экспериментин сурабады бекен?**
**«Эми үйлөнүшү керек, анткени тигини эч кандай дооматы жок"**
**«Ага жаккан окшойт"**
**«Жабырлануучу милициядан арызын албашы керек болчу. Ушундай принципсиздердин айынан кылмышкерлер ээн-эркин басып жүрүшөт.” “Балким, ушундай “кечиримдүү” адамдарга да айып салынышы керектир, жазаланышы керек?! Алар жазасыздыкты жайылткандай, кайсы бир мааниде ... "**

Журналисттердин мындай мамилеси зордукталган аялды виктимблеймингге алып келген.

# Кантип жакшыртса болот?

**Иссык-Куль: Суд приговорил мужчину к общественным работам за изнасилование пенсионерки**

**ЫСЫК-КӨЛ: СОТ ПЕНСИОНЕРДИ ЗОРДУКТАГАН ЖАРАНДЫ КООМДУК ЖУМУШ ЖАЗАСЫНА ТАРТТЫ**

Эгер чагылдыруу ыкмасын өзгөртсөңүз, анда система коомду зордуктаган кылмышкерден коргобой жатканына көңүл бурсаңыз болот. Аял дооматтардан баш тарта алат, анткени ал кысымга алынышы мүмкүн. Бирок бул мамлекеттин өкүлү катары соттун зордуктаганга жеңил өкүм чыгарышы керек дегенди билдирбейт.

**Бул жерде көңүл соттун иш-аракеттерине бурулуп жатат, социалдык тармак колдонуучуларынын суроосу пайда болушу мүмкүн, «эмне үчүн адам зордуктоо үчүн кылмышкер кесилбестен, коомдук жумуштар менен жазаланды?» деген.**

# Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө кантип жазуу керек?

Жабырлануучуну сүрөттөп жатканда нейтралдуу тилди колдонуңуз. Аял " деген сөздү колдонбогонуңуз туура. Бул өлбөсө "курмансөз стигма, аялдын айласы жок болчу дегендей маанини берет. Бул сөздүн өзү аялдын каршылык көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. «Курман» сөзү көптөгөн жабыр тарткан аялдарда терс сезимдерди жана травмалык эскерүүлөрдү жаратат. **“Зордук-зомбулуктун курмандыгы”** дегенден көрө **“зордук-зомбулуктан аман калган”** деп жазган жакшы.

# Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө кантип жазуу керек?

Журналисттердин материалдарында “туура эмес адамга турмушка чыгыптыр”, “ал күнөөлүү”, “өзү күнөөлүү”, “эмне үчүн ажырашпады же кетип калбады” деген сөздөр болбошу керек. Зордук-зомбулук кырдаалында бир гана күнөөлүү болот – кылмыштуу аракетти жасаган адам.

Үй-бүлөлүк зомбулукту **жаңжал** же **үй-бүлөлүк чыр** деп атоо болбойт. Проблеманын системалуулугун көрсөтүү зарыл.

# Бул баш сөздүн эмнеси туура эмес?

"Плохо согрела еду". Мужчина бил и топил в ванной сожительницу

«Тамакты жакшы жылыткан эмес». Эркек киши чогуу жашаган аялды уруп, ваннага чөгөргөн.

«Не уделяла внимания». Мужчина избил жену и пытался заживо закопать – его приговорили к общественным работам

«Көңүл бурбай койду». Күйөөсү аялын сабап, тирүүлөй көмүүгө аракет кылган – ал коомдук иштерге тартылды.


# Проблеманын системалуулугун кантип көрсөтүү керек?




Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулук фактыларынын саны өсүүдө. Үй-бүлөлүк зомбулук көрсөткөндөрдүн саны.

Булак: Улуттук статистикалык комитет. Үй-бүлөлүк зомбулук көрсөткөндөрдүн саны ар дайым катталган үй-бүлөлүк зомбулуктан азыраак. Алардын санына зомбулук кылгандыгы үчүн ордер жазылгандар гана кирет..

# Эмне үчүн аялдарга зомбулук кылган адамдан кетип калуу кыйын?



# Эмне үчүн аялдарга зомбулук кылган адамдан кетип калуу кыйын?

Аял дайыма эле зомбулукка учурап жатканын түшүнө бербейт;
Аял жардам суроодон коркот;
Туугандарынын колдоосун сезбейт
Каржынын жетишсиздиги;
Аялдар милицияга ишенбейт;
Аялдар ажырашчу күйөөсү анын артынан түшүп жашоо бербейт деп коркушат.

# Зордуктоо жөнүндө кантип жазуу керек?

Зордуктоо эч качан **катнаш** же **туруксуз мамилени** билдирбейт. Бул зордук-зомбулук колдонулган кылмыш жана аны жасаган адам жоопко тартылышы керек. Зордуктаганды **өнөктөшү**, **сүйгөнү** ж.б. дебеш керек. Ошондой эле, жашы жете элек кыздар **"жыныстык катнашта"** боло албайт жана алардын бойго жеткен **"секс өнөктөшү"** боло албайт, анткени бул сексуалдык зомбулук жана бул адамдар зордукчулар.

# Бул жерде эмне туура эмес?

**Хотел изнасиловать девушку, ведь она курит и пьет, — криминальные истории КР**

15:16 29.12.2018 (обновлено: 19:58 15.12.2021)




**Кызды зордуктагым келди, анткени ал тамеки чегет жана ичкилик ичет - Кыргыз Республикасынын криминалдык окуялары**


Зордуктоо үчүн жоопкерчиликти жабырлануучуга жүктөбөш керек– журналисттер зордуктаган адамдын эмне себептен мындай кылганын издебеши керек. Себеп катары көбүнчө аялдын **ачык кийингени**, **мас болгондугу, тийишип зордуктаган адамды азгырганы, көчөдө түндө жүргөнү, унаага өзү отурганы** ж.б.у.с. зордук-зомбулукту мындай негизде актоого болбойт.

# Кийген кийим зордуктоого себеп болушу мүмкүнбү?










Кыргызстанда аялдардын көбүн тааныш эркектер зордукташат
2015-жылдан 2021-жылга чейин статусу боюнча укук бузуучулардын саны
Тааныш 46
Белгиленген эмес 29
Кошуна 26
Бейтааныш 26
Мурдагы (өнөктөш) 11
Үй-бүлө мүчөсү 8
Булак: Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун өкүмдөрүнүн маалымат базасы

# Мажбурлап никеге туруу үчүн ала качуу жөнүндө кантип жазуу керек?

Ала качкан кызды болочок келинчеги же сүйгөнү деп жазбаган оң. Кыз ала качууну кыргыздын кооз салты деп сыпаттоо да туура эмес. Макалада ала качуу кылмыш экенин түшүндүрүп коюу зарыл. Ала качкан адамды болочок күйөөсү же болочок жолдошу деп айтуунун кереги жок.

Мажбурлап никеге туруу үчүн ала качуулар тууралуу материалдарда эмне үчүн кыз ала качкан адамдын үйүндө калганын түшүндүрүп берүү зарыл. Көбүнчө кыз өз өмүрүн сактап калгысы келгендиктен болот.

Ала качкан адам кызды **«аны менен калып, башкага барбасын деп»** зордукташы мүмкүн. Кыргызстанда кыздык культ бар болгондуктан, ала качкан адам кызды сөзсүз түрдө анын аялы кылынуу көздөп, мындай түшүнүктү өз кызыкчылыгына пайдаланат.

Ала качууну эч качан романтикалоого болбойт. Бул жерде жабырлануучу милицияга ала качуу үчүн гана эмес, зордуктоо боюнча да кайрыла аларын окурмандарга түшүндүрүү керек.

# Бул роликтерде эмне туура эмес?

https://www.youtube.com/watch?v=qebckJZI_hU

https://www.youtube.com/watch?v=j7r6U7SBOkU


ОНА КРИЧАЛА: «МАМА!»
АЛ «АПА!» ДЕП КЫЙКЫРГАН


# Аялдардын өлтүрүлүшү жөнүндө кантип жазуу керек?




Орто эсеп менен 10 аялдын 8и эркектер тарабынан өлтүрүлөт.

Аялды өлтүргөн адамдын жынысы, жыл сайын катталган киши өлтүрүүлөрдүн санынан %

Эркектер Аялдар Белгисиз




**Аялдарды эң көп жакын өнөктөшү өлтүрөт**

Өлтүргөн адам ким, фемицид окуяларынын %

Күйөөсү, өнөктөшү, мурдагы күйөөсү 38%

Таанышы, досу 16%

Белгисиз 13%

Уулу, байкеси, атасы, небереси, күйөө баласы, таякеси 11%

Бейтааныш 11%

Кошунасы, тууганы 5%

Алыс тууганы 4%

Башкалар 2%

Аял өлтүрүүнү фемицид деп атаңыз. Кыргызстанда аялдарды өлтүрүү фактыларынын көбү үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан болуп, аялдарды жакындары өлтүрүшөт. Үй-бүлөлүк зомбулуктан улам киши өлтүрүү фемицид болуп эсептелет.

**Фемицид – көбүнчө эркек тарабынан аялды жек көрүүнүн, гендердик басмырлоонун жана/же мамлекеттин кылмышка билип туруп жол берүүсү менен гендердик зомбулуктун натыйжасында аялды өлтүрүү.**

# Бул баш сөздүн эмнеси туура эмес?

**В Сокулуке мужчина до смерти избил жену. В порыве ревности**

**Сокулукта эркек киши аялын өлгүчө сабаган. Кызганычтын негизинде**

**Отец пятерых детей убил свою супругу из-за коровы**

**Беш баланын атасы аялын уй үчүн өлтүргөн**

Биз агрессордун аракеттерин романтикалаштырууга жол бербешибиз керек. Ошондой эле адам өлтүрүүнүн **“себептери”**, **“мотивдери”** жөнүндө жазбаңыз. Мындай сүрөттөмө аял киши колдуу болбошу үчүн бир нерсе кылышы керек деген стереотипти бекемдейт. Киши өлтүрүүнүн себеби катары көрө албастыктын айтылуусу окурманды адам эч нерсеге күнөөлүү эмес, эмоцияга алдырган деген ойго түртүшү мүмкүн. Бирок, адам өмүрүн кыюуга эч кандай себеп болушу мүмкүн эмес.

**“Кумардын кылмышы”, “көралбастыктын негизинде”** деп жазуунун кереги жок, анткени бул агрессорду актайт. Журналисттер көңүлдү борбордук маселеден: зордук-зомбулуктан башка жакка бурган шылтоолорду же «мотивдерди» (ичкилик, баңгизат, мушташ, көрө албастык, ажырашуу, ишенимсиздик ж.б.у.с.) издебеши керек. **Гендердик зомбулуктун себеби – кээ бир эркектер аялдарга  көзөмөл жана үстөмдүк гана кылууну максат кылганы.**

# Изилдөө: Журналисттер аялдардын өлтүрүлүшү жөнүндө кантип жазышат

Орус тилдүү ЖМКнын журналисттеринин көбү “бийлик үнү” аркылуу кылмышкерди актап, коомдогу зордук-зомбулук көйгөйүнө карата мамилени норма катары калыптандырууда.

Кээде массалык маалымат каражаттары кылмышкердин позитивдүү портретин чагылдырып, анын аракетин актап, ага социалдык капитал кошот.

Эгерде ал спирт ичимдиктерин ичсе, эркекти таштап кеткиси келсе, кызганычты пайда кылса кылмыш үчүн жоопкерчилик жабырлануучуга жүктөлөт.

# Эмне үчүн бул жаңы кылмыштарды козгошу мүмкүн?

Жалпыга маалымдоо каражаттары аялдарды өлтүрүү ыкмаларын чагылдырып, бул кылмыштарга терс баа беришпейт.

Жалпыга маалымдоо каражаттарында кеңири жайылган, баарынын оозунда болгон кылмыш аны тууроого алып келиши мүмкүн.

Тууραган кылмышкерлер же кылмыштын кээ бир компоненттерин (ыкма, курмандыкты тандоо, өлтүрүү куралы, жайгашкан жер ж.б.) кайталайт, же баарын майда-чүйдөсүнө чейин кайталайт. Ошон үчүн киши өлтүрүү кантип жасалганын майда-чүйдөсүнө чейин айтпай эле койгон оң.

# Сүрөткө талаптар

Үрөй учурган сүрөттөр жана видеолор басылманын трафигин гана көбөйтөт.

Бул “зыян кылба” принцибине карама-каршы болушу мүмкүн.

Мыкаачылыкты жана зордук-зомбулукту көрсөтүүдө ашыкча сенсациядан, натурализмден алыс болуу керек.

# Кандай кылбаш керек

**В Кадамжае мужчина избил бабушку из-за того, что она навела порчу на его мать**

22/12/21 09:51 ПРОИСШЕСТВИЯ 0

Читайте и смотрите нас в




**Бишкек, 22.12.21. /Индира Камчыбекова - Кабар/.** В соцсетях распространилась информация о том, что якобы таджики в городе Айдаркен избили в машине бабушку.


Как сообщает пресс-служба УВД Баткенской области, данная информация не соответствует действительности.

По данным милиции, 18 декабря примерно в 14:20 30-летний А.У. (по национальности кыргыз), житель села Сур усадил к себе в машину 61-летнюю М.З. под предлогом, что довезет до дома с базара. Однако по дороге Айдаркен – Сох он избил пожилую женщину якобы из-за того, что она навела порчу на его маму и сделала ее инвалидом.

Данный факт зарегистрирован в ЕРПП по статье 280 (Хулиганство) УК КР, начато досудебное производство.

# Эмпатия көрсөтө алгандай болгула

**Жабырлануучу анын көгөргөн жүзүн жаңылыктардан көргөндө кандай сезимде болот деп ойлойсуз?**




Миллиарды видео ждут вас в Т

**Смотреть**

**@medinadiusheeva0**

Ответ пользователю **@ozdabekjanova**

♫ СЛЁЗЫ - Из к/ф "Пацанки" - Анет Сай

# Төмөнкүлөр бар жерде сүрөттү колдонбогонуңуз жакшы:

1. Киши өлтүрүүчү куралдарын
2. Канды
3. Өлүктөрдү жана өлүктүн бөлүктөрүн
4. Кан менен сахналаштырууну, муштум, зордукчунун тап берүсүн, жабырлануучу аялдын запкы чегип жатканын
5. Негизги иллюстрация катары жабырлануучунун социалдык тармактардагы интимдик сүрөттөрүн, жабырлануучунун балдарынын, башка туугандарынын сүрөттөрүн
6. Жылаңач аялдарды
7. Фарш менен эт туурагычты, коркунучтуу куурчактарды

# Колдонууга мүмкүн болгондор:

1. Зордук-зомбулукка же киши өлтүрүүгө шектелген адам;

2. Жабырлануучунун жүзү (жаракаттары жок болсо)

4. Жогорудагы тизмеден эч нерсе жок болсо, окуя болгон жер

5. Жабырлануучунун/киши өлтүрүүчүнүн жана/же агрессордун/канкордун үйүнөн сүрөттөр

6. Күбөлөр, милиция кызматкерлери, кошуналар , туугандары (алардын макулдугу менен)


7. Атайын кызматтын унаалары (номерсиз)

8. Аялдарга карата зордук-зомбулукка каршы наарazылык акциясынан сүрөттөр, шамдар жана гүлдөр

9. Милиция денени тегеректеп турган контур.

Провокациялык сүрөттөр жана видеолор, баш сөздөр жана лидерлер журналистиканын бардык жеринде колдонулат. Үй-бүлөлүк жана башка гендердик зомбулук темасындагы материалдарда да байма-бай кездешет. Мындай чагылдыруу маселени чечпейт, ага коомчулуктун көңүлүн көбүрөөк бурбайт жана жабыркагандарга жардам бербейт. Тескерисинче, «тескери натыйжага» себеп болот.

Мыкаачылыкты, зордук-зомбулукту көрсөтүүдө ашыкча сенсациядан, натурализмден алыс болуу керек.



HERo ДаткАйым

This project is funded by the European Union

HERo ДаткАйым


"Гендердик сезимтал журналистиканын стандарттары"
методикалык колдонмосу

"ДаткАйым – Гендердик теңчиликке жаңыча жетишүү" долбоору

HERo – New narratives towards a gender equal society
EIDHR/2019/409-867

Бул басылма Европа Биримдигинин каржылык колдоосу менен жарыяланган.
Анын мазмуну үчүн "Данило Долчи" (Италия) чыгармачыл өнүгүү борбору жана "Социалдык технологиялар агенттиги" КБ өзгөчө жоопкерчилик тартат.

- Сайт: https://www.sta.kg
- https://hero-datkayim.kg
- Фейсбук: https://www.facebook.com/DatkAyim2019
- Инстаграм: https://www.instagram.com/datkaiym_hero/?r=nametag
- Ютуб: https://www.youtube.com/channel/UCwVLDl



www.sta.kg

Проект финансируется
Европейским Союзом

Данная публикация опубликована при финансовой поддержке Европейского Союза.
За его содержание несет исключительную ответственность ОО «Агентство социальных технологий»
и ОО «Центр социологических, политологических и социо-психологических исследований».
Публикация не обязательно отражает точку зрения Европейского Союза.